КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
«Эл баасы»
АККРЕДИТАЦИЯЛЫК АГЕНТТИГИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
АККРЕДИТАЦИОННОЕ АГЕНТСТВО
«Эл баасы»

KYRGYSTAN, ACCREDITAION AGENT "ЭЛ БААСЫ"
Ош ш., 723500, К-Датка к., 287/30
Тел.: +996 773 50-00-54
287/30, K-Datka Street, Osh, 723500
Phone: +996 777 64-41-21
г. Бишкек, ул. Киевская, 77/128а
Тел.: +996 772 62-89-36

**Аккредитациялык кеңештин (АК)**
**2020-жылдын 20-ноябрындагы өткөрүлгөн Отурумунун**
**№ 5 ПРОТОКОЛУ**

Отурум Бишкек-Ош
шаарларынын ортосунда
On Line (он лайн)
режиминде өткөрүлдү

Отурумдун протоколунун жалпыланып жазылган негизги жери:
Бишкек шаары, Ч. Айтматов просп., Офис "Ак Кеме" _______,
тел.: 996(770147741); 996772 0777 644121; 996500 (0777) 543468
Отурум Онлайн форматында Zoom (ЗУУМ интернет тиркемеси
аркылуу (аралыктан) уюштурулду.

**Катышты:**
1. Бабакулов Манасбек Бабакулович (Бишкек)
2. Кыштообаев Орозалы Төрөбаевич (Ош)
3. Сопуев Адахимжан Сопуевич.(Ош)
4. Кадыров Артурбек Сайдуллаевич (Ош)
5. Абдалиев Урмат Калмаматовия (Ош)
6. Асилбек к. Жыпара (Ош)
7. Төрөханов Кубаныч Байжигитович (Бишкек)

Онлайн Отурумга Zoom аркылуу (аралыктан) кошулууга сунушталган (маселе даярдаган эксперттик топтордун мүчөлөрү) жана кызыкдар инсандар:
1. **Упенов Айбек Шерипбекович** – ТалМУ ректору,
2. **Жумалиев Самат Субанкулович** – ТалМУ проректору
3. **Каримов Нурлан Тентимишевич** – Ниязалы атындагы Ош музыкалык окуу жайынын директору
4. **Мадиев Сыргак Мамасадыкович**- № 76 КЛ директордун милдетин убактылуу аткаруучу,
5. **Нуркулов Сыярбек Абдураимович**- № 76 КЛ директордун орун басары
6. **Маматов Эрнист Кудайкулович** – № 77 КЛ директор,
7. **Акматов Болотбек Абдибаитович**- № 77 КЛ өндүрүштүк окуу боюнча директордун орунбасары
8. **Акматов Абдыганы** - №68 КЛ директордун орун басары,

Аккредитациялык кеңештин төрагасы **М.Бабакулов** онлайн (ЗУУМ интернет тиркемеси боюнча) отурумдун катышуучуларына кайрылып, саламдашып, отурумду өткөрүүгө кворумдун жетиштүү экендигин айттып, аккредитациялык кеңештин мүчөлөрү менен макулдашкандан соң, отурумду ачык деп жарыялады. Отурумдун күн тартибин долбоору менен тааныштырып, аны бекитүүдөн мурда маселелерди каттоонун тартибине өзгөртүү киргизүүнү ортого салды.

Ал Отурумдун башталышында, биринчи маселе катары жогорку окуу жайларынын аккредитациясын, ал бүткөндөн кийин орто окуу жайларынын, кийин кесиптик лицейлердин маселелерин кароону сунуштады. Айтылган сунушту Отурумдун катышуучулары туура көрүп, күн тартиби өзгөртүүлөр менен, бир добуштан колдоого алынды.

Ошондой эле, отурумда карала турган маселелер боюнча "Эл баасы" АА директору М.Бабакулов отурумдун мүчөлөрүнө аккредитациялоо боюнча каралып жаткан: жогорку, орто жана башталгыч кесиптик билим берүү уюмдары жана программалары мурда да каралганын, Пандемияга (ЧП, ЧС, карантин) байланыштуу "шарттуу түрдө" бул окуу жайларынын мурдагы аккредитациясы узартылганын айтты. Биринчи этапдагы аккредитациялоодо бул окуу жайларынын Өзүн-өзү баалоо отчетторуна гана анализ жасалган, 2020-жылдын июнь айында онлайн түрүндө жүргүзүлгөн аккредитациянын максаты, чукул абалды чечүү, 2019-2020 окуу жылынын бүтүрүү процессин уюштурууга өз учурунда шарт түзүп берүү болгон, ошондуктан, 2020-жылдын 1-октябрына чейинки мөөнөткө аккредитациядан өттү деп эсептелсин деген чечим негизинде буйруктар чыгарылып окуу жайдын жетекчилигине жөнөтүлгөндүгү жөнүндө маалымат берди.

**Күн тартибинин 1/2 маселеси**

Ниязалы атындагы Ош мамлекеттик музыкалык окуу жайы ишке ашырылып жаткан орто кесиптик билим берүү программаларын аккредитациялоонун жыйынтыктары жөнүндө

**УГУЛДУ:** Ниязалы атындагы Ош мамлекеттик музыкалык окуу жайында ишке ашырылып жаткан орто кесиптик билим берүү программаларын аккредитациялоо боюнча эксперттик комиссиянын төрагасы **Дуйшеналиев Жумабек Сапаралиевич** баяндамасы. (Кыргыз Билим берүү академиясынын улук илимий кызматкери)

Ал өзүнүн сөзүндө, 2020-жылдын 26-27- октябрында "Эл баасы" аккредитациялык агентиги тарабынан 2020-жылдын 13-октябрындагы №49 буйругунун негизинде өткөрүлдү. Ниязалы атындагы Ош мамлекеттик музыкалык окуу жайы ишке ашырылып жаткан орто кесиптик билим берүү программалары боюнча ишмердүүлүгүн сырттан баалоо боюнча эксперттик комиссия иштегенин айтып, комиссиянын сапаттык курамы менен таныштыргандан кийин, аталган окуу жайда ишке ашырылып жаткан 8 орто кесиптик билим берүү программаларынын ар бирине кыскача мүнөздөмө берип, студенттердин билим берүү программалары боюнча саны, окуу жайдын окуу-методикалык жана материалдык-техникалык базаларына, жүргүзүп жаткан иштер стандарттардын крийтерийлерине дал келүүсү, күчтүү жана алсыз жактарын белгилеп, эксперттик коммиссиянын сунуштарын айтып кыскача анализ берди. Окуу жайынын билим берүүгө уруксат документтери (лицензиялары, санитардык-эпидемиологиялык жана өрт коопсуздугу боюнча көзөмөл органдардын документтери) жөнүндө айтып өттү.

Сырттан (эксперттик) баалоо комиссиянын курамы төмөнкүдөй:

| № | Аты- жөнү | Негизги иштеген уюму жана кызмат орду | Эксперттик комиссиянын курамындагы кызматы |
|---|---|---|---|
| 1 | Дуйшеналиев Жумабек Сапаралиевич | Кыргыз Билим берүү академиясынын улук илимий кызматкери | Комиссиянын төрагасы |
| 2 | Матаев Медер Айтыбаевич | ОшМУнун "Исскуство" факультетинин "Музыкалык тарбиялоонун усулу, теориясы жана хорго дирижерлук кылуу" кафедрасынын улук окутуучусу | Комиссиянын мүчөсү |
| 3 | Кошбаев Алманбет Бекжанович | Ош гуманитардык-педагогикалык институтунун доценти | Комиссиянын мүчөсү |
| 4 | Ормонов Рахматулла Абдырахманович | ОшМУнун Искусство факультетинин "Элдик музыкалык аспаптарды аткаруу жана ырдоо" кафедрасы улук окутуучу | Комиссиянын мүчөсү |
| 5 | Асилбек кызы Жыпара | "Эл баасы" АА нин директорунун орун басары | Аккредитациялоону уюштуруучу |

Ниязалы атындагы Ош мамлекеттик музыкалык окуу жайы

Уюштуруу-укуктук формасы: Мекеме.
Менчиктин түрү: Мамлекеттик.
Билим берүү мекемеси: Ош шаары, Ленин көчөсү, 198
Байланыш телефондору: дирекция жумушчу. тел: - 0(3222) 6-67-83, ogmu1963@mail.ru
Окуу жайдын уюштуруу-укуктук формасы: Мекеме
Менчиктин түрү боюнча: Мамлекеттик менчик болуп эсептелет.

Ниязалы атындагы Ош мамлекеттик музыкалык окуу жайы (ОММОЖ) алгач 1963-жылы түзүлгөн. Ниязалы атындагы (ОММОЖ) юридикалык жак болуп эсептелет, өз алдынча банк эсептери, мөөрү, өзүнчө аталышы бар жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана окуу жайдын Уставына ылайык өз ишмердүүлүгүн жүргүзөт.

Окуу жай адистерди Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин бекитүүсү боюнча даярдайт. Адистерди даярдоого бекитилген окуу-тарбия планы боюнча 3 жыл 10 ай мөөнөтү белгиленген.

**Окуу жайдын лицензиясы**

2015-жылы 8-сентябрындагы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлинин лицензиялоо бөлүмүнүн №1-13-5 буйругунун негизинде Ниязалы атындагы Ош мамлекеттик музыкалык окуу жайга (ОММОЖ) окутуу ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө № LC150000734 лицензия берилген, каттоо № 15/ 0452.

Аталган окуу жайынын жетекчилигинин арызына ылайык төмөнкү билим берүү программалары (адистиктери) программалык аккредитациялоодон өткөрүлгөн:

| Билим берүү уюмунун аталышы | Шифр | Аккредитацияланууучу билим берүү программалары (адистиктери, багыттары) |
|---|---|---|
| Нияалы атындагы Ош мамлекеттик музыкалык окуу жайы | 070102.01 | Атайын фортепиано |
| | 070102.02 | Кылдуу аспаптар |
| | 070102.03 | Үйлөмө аспаптар |
| | 070102.04 | Кыргыз элдик музыкалык аспаптары |
| | 070102.04 | Орус элдик аспаптары |
| | 070104 | Жеке ырдоо |
| | 070106 | Хорго дирижорлук кылуу |
| | 070113 | Музыканын теориясы |

Окуу жайы ушул кесиптер боюнча аталган отчетто көрсөтүлгөн орто кесиптик билим берүү программаларын (кесиптерин) жана аларды ишке ашыруунун шарттарын иликтенгендигине токтолду.

Баяндамачы окуу жайындагы жетишкендиктери бар экендигин да белгилеп, бирок жогорку аккредитацияланууучу адистиктиктер боюнча кемчилдиктерди да айтып берилген маалыматтын эксперттердин отчетунда толук берилгендигин айтты (тиркемелери менен Эксперттик отчетту Агенттиктин референтине бергендигин айтып өттү. Ал бул аталган билим берүү программаларынын (адистиктеринин) **Алсыз жактары катары** төмөнкүлөрдү белгиледи:

- *Сапатты камсыздоо максатында атайын жооптуулардын ишмердигин жакшы жолго койулбагандыгы;*

- *Мониторингдердин жыйынтыктарын өз убагында чыгаруу жөнүндөгү иш-чаралар боюнча конкреттүү пландарды түзүү жана аларды ишке ашырууну колго алынган эместиги;*
- *Окутуу процессин автоматташтыруу толук ишке киргизлбегендиги;*
- *"Музыканын теориясы", "Кыргыз эл аспаптары", "Орус эл аспаптары" жана "Үйлөмө жана кылдуу аспаптары" адистиктери боюнча студенттердин билимдерин өнүктүрүү максатында заманбап технологияларды колдонгон кошумча ийримдердин уюштурулбагандыгы;*
- *Окутуучулар тарабынан окуу-усулдук колдонмолорду иштеп чыгуунунун солгундугу.*
- *Спорттук залынын жоктугун;*
- *Студенттик жатакананын шартынын жетишсиздигин;*
- *Орто кесиптик окуу жайлары үчүн акыркы 5 жылда жарык көргөн милдеттүү окуу китептери жана окуу-методикалык колдонмолордун жетишсиз санда экендигин;*

**Жыйынтыктоо:** Жогоруда аталган кемчилдиктердин негизинде Эксперттик комиссиянын төрагасы катары комиссиянын мүчөлөрү даярдаган тиешелүү сунуштарды окуп берди. (сунуштар өзүнчө тиркелет)

- *Негизги кесиптик билим берүү программаларын (НКББП) кызыкдар тараптар менен талкуулоо жана жылына толуктоолорду киргизүү сунушталат;*
- *Сапатты камсыздоо максатында атайын жооптуулардын ишмердигин жакшыртуу жана күчөтүү сунушталат;*
- *Мониторингдердин жыйынтыктарын жана сунуштарды ишке ашыруу жөнүндөгү иш-чаралар боюнча конкреттүү пландарды түзүү жана аларды ишке ашырууну колго алуу сунушталат;*
- *Окуу жайдын алкагында илимий-практикалык заманбап конференцияларды уюштуруу, алдынкы докладдарды маалымат каражаттарына берүү жана окуу жайдын өздүк сайтына жайгаштыруу иштерин уюштуруу сунушталат;*
- *2021-декабрь айына чейин окутуу процессин автоматташтыруу толук ишке киргизүү сунушталат;*
- *Дисциплиналар боюнча силлабустар, текшерүүнүн формалары, методдору жана баалоо критерийлерин сайтка жайгаштыруу жана студенттерге жеткирүүнү жакшыртуу;*
- *"Музыканын теориясы", "Кыргыз эл аспаптары", "Орус эл аспаптары" жана "Үйлөмө жана кылдуу аспаптары" адистиктери боюнча студенттердин билимдерин өнүктүрүү максатында заманбап технологияларды колдонгон кошумча ийримдерди уюштуруу жагы каралсын;*
- *Жогорку жана орто окуу жайлардын алкагында окутуучу-мугалимдер менен студенттер арасында илимий-практикалык заманбап конференцияларга катышууну жакшыртуу;*
- *Окуу жайдын академиялык мобилдүүлүк мейкиндигин кеңейтүү сунушталат*
- *Окутуучулар тарабынан окуу-усулдук колдонмолорду иштеп чыгууну колго алуу.*
- *Жаңы окуу имаратын 2021-жылдын сентябрь айына толук бүтүрүү;*
- *2022-жылдын сентябрь-октябрь айларына чейин Спорттук зал курууну пландаштыруу жана ишке ашыруу;*
- *Студенттик жатакананын шартын жакшыртуу маселесин чечүү;*
- *Орто кесиптик окуу жайлары үчүн акыркы 5 жылда жарык көргөн милдеттүү окуу китептери жана окуу-методикалык колдонмолорду үзгүлтүксүз толуктоо;*
- *Бүтүрүүчүлөрдүн Ассоциациясын түзүү жана жумуш менен камсыз кылуу борборун уюштуруу 2021-жылдын 1-мартына чейин аткаруу сунушталат;*
- *Сайтты толук кандуу иштетүү жана маалыматтарды жайгаштырууну күчөтүү сунушталат.*

Окуу жайдын ишмердүүлүгүн жана окутуунун сапатын жогорулатуу үчүн Эксперттик комиссиянын сунуштарын жана кемчилдиктерин окуу жайдын жетекчилиги эске алуу менен, ошондой эле, бир жылдан кийин (2021-жылдын ноябрь-декабрь айы) мониторинг жүргүзүү, эгер көрсөтүлгөн кемчиликтер жоюлбаса, мыйзам бузуулар калыбына келтирилбесе, берилген аккредитацияны кайра артка чакырып алуу шарты менен 3 жылга (2023 жылдын июнь айына) аккредитацияланды деген сертификат берүүнү сунушталат.

Баяндамачыга АС тин мүчөлөрү Бабакулов М., СопуевА.С., Абдалиев У., жана К. Төрөхановдор суроолорду беришип, тиешелүү жоопторду алышты.

**ЖАРЫШ СӨЗГӨ ЧЫГЫШТЫ:**

**Төрөханов К.** - сөз алып, айрым бир Стандарттардын мүчүлүштүктөр менен аткарылып жаткандыгына, билим берүү сапатын жогорулатуу саясаты учурдун талабына ылайык жүргүзүлбөй жатканына токтолду. Студенттердин билимин баалоо процедураларын колдонуу боюнча материалдардын сайтта жоктугун да белгиледи. Окуу жайында окутуучулар тарабынан чыгарылган (жазылган) окуу куралдары жана кыргыз тилинде жарык көргөн окуу китептеринин аздыгы, ашкананын жеткиликтүү деңгээлде шарты жок экендиги, окуу жайынын алсыз жактары экендигин айтты.

**Бабакулов М. с**өз алып, окуу процессин уюштуруудагы кемчиликтерге токтолду. Окуу жайынын жетекчилиги жакынкы арада кетирилип жаткан кемчилдиктерди жоюу боюнча конкреттүү иш чараларды уюштурушу керек, окуу жайдагы жатакананын, жабык спорт залынын жоктугу бул орчундуу кемчилик, аны кыска мөөнөттө бүтүрүү кыйын деди. Ал социалдык партнерлор, иш берүүчүлөр менен иштешүү учурдун талабы. Ошондой эле бүтүрүүчүлөрдү иш менен камсыз кылуу боюнча да жеткиликтүү иш аракеттерди жүргүзүлүшү зарылдыгын айтып, Окуу жайдын Уставын кайрадан карап чыгып, ага окуу жайынын "Миссиясын" кийирүү керек экендигин эскертти жана Эксперттик комиссия сунуштаган мөөнөткө (3 жылдык мөөнөткө) аккредитациялоо туура болот деп оюн жыйынтыктады.

**Сариева И.К.** - сөз алып, окуу жайдын директору кийинки жылдагы мониторинг жүргүзүүгө чейин кетирилген кемчилдиктерди жоюш керек экендигин, социалдык портнерлор менен макулдашыш керектигин, окуу планды тактап керектигин айтып, АК тин чечиминин долбоорун добушка коюуну сунуштады.

Ниязалы атындагы Ош мамлекеттик музыкалык окуу жайында ишке ашырылып жаткан орто кесиптик билим берүү программаларын аккредитациялоодон өткөрүү боюнча эксперттик комиссиясынын отчетун карап, талкуулап, Аккредитациялык Кеңеши

**чечим кылат:**

1. Ниязалы атындагы Ош мамлекеттик музыкалык окуу жайында ишке ашырылып жаткан төмөнкү орто кесиптик билим берүү программалары 3 жылдык мөөнөткө аккредитациялоодон өттү деп эсептелсин:

| Билим берүү уюмунун аталышы | Шифр | Аккредитацияланууучу билим берүү программалары (адистиктери, багыттары) |
|---|---|---|
| Ниязалы атындагы Ош мамлекеттик музыкалык окуу жайы | 070102.01 | Атайын фортепиано |
| | 070102.02 | Кылдуу аспаптар |
| | 070102.03 | Үйлөмө аспаптар |
| | 070102.04 | Кыргыз элдик музыкалык аспаптары |
| | 070102.04 | Орус элдик аспаптары |
| | 070104 | Жеке ырдоо |

| | | |
|---|---|---|
| | 070106 | Хорго дирижорлук кылуу |
| | 070113 | Музыканын теориясы |

2. Аталган билим берүү уюмуна 2023-жылдын июнуна чейин мамлекеттик үлгүдөгү документ берүү укугуна ээ деген сертификат берилсин.

3. Окуу жайынын жетекчилиги Тиркемеге ылайык, эксперттик комиссия көрсөткөн кемчиликтерди жоюу жана Аккредитациялык кеңештин сунуштарын колго алуу боюнча иш чаралардын План-графигин түзсүн жана аны ишке ашырсын.

4. Аталган окуу жайынын жетекчилигине "аккредитациялоодон кийинки окуу жайынын ишмердүүлүгүнө мониторинг" жүргүзүп туруу боюнча "Эл баасы" аккредитациялык агенттиги менен 2020-жылдын 30-декабрына чейин "келишим" түзүү милдеттендирилсин.

5 . Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө директордун орун басары Асилбек кызы Жыпарага тапшырылсын.

*(Эксперттик комиссиянын кыскача корутундусу жана кетирилип жаткан кемчиликтерди жоюу боюнча сунуштары тиркелет)*

Чечимдин долбоору колго салынды:

макул - 7
каршы - 0;
калыс - 0.

Чечим кабыл алынды.

Ниязалы атындагы Ош мамлекеттик музыкалык
окуу жайын аккредитациялоо боюнча
эксперттик отчетуна

**Тиркеме**

**Сырттан (эксперттик) баалоо комиссиясынын жана Аккредитациялык кеңештин сунуштары**

1. Аккредитациялоодон өтүп жаткан билим берүү программалары (адистиктери) боюнча учурда Мамлекеттик билим берүү стандарттары (ГОС) иштеп чыгылбагандыгын эске алып, ал көйгөйдү 2021-2022- окуу жылынын башталышына чейин тиешелүү ведомстволор менен бирге чечүүнү колго алуу зарыл (КР нын Өкмөтү бекиткен адистиктердин тизмеси боюнча адистиктердин аталышы учурдагы ишке ашырылып жаткан адистиктердин аталышына дал келбейт, жаңы билим берүү стандарттары жок);

2. Окуу жайынын материалдык-техникалык базасы жакшыртууну жана толуктоону талап кылат: спорт залы жок, кээбир атайын окуу кабинеттери уюштурулбаган. Ошондуктан, көрсөтүлгөн көйгөйлөрдү 2022-2023-окуу жылынын башталышына чейин чечүүнү колго алуу зарыл;

3. Окуу жайынын Миссиясын, окуу жайынын “Педагогикалык кеңешинде” талкуулап, аны протоколдоштурууну, о.э. аны окуу жайынын ”Уставына” киргизүүнү 2021-2022 окуу жылынын башталышына чейин бүтүрүү сунушталат;

4. Окуу жайынын Сайтына, окуу жайынын Миссиясын, ага жараша максатын жана милдеттерин жайгаштырууну 2021-2022 окуу жылынын башталышына чейин бүтүрүү зарыл: бул маалыматты коомчулук окуп билип туруусу керек.

5. Акыркы 5 жылда жарык көргөн “милдеттүү окуу китептерин” жана окуу-методикалык колдонмолорду үзгүлтүксүз толуктоону ишке ашыруу;

6. Окутуу процессии автоматташтыруу максатында AVN информациялык системасын 2021-жылдын 1-октябрына чейин ишке киргизүү;

7. Окуучулардын жатаканасы да көңүл бурууну талап кылат: сыйымдуулугу, санитардык абалы ж.б.

8. Баалоо жол-жоболорун жумшартуучу жагдайларды жана апеляциялоонун жоболорун иштеп чыгуу

9. Студенттердин ар түрдүү топторунун керектөөлөрүн канаатандыруу үчүн кошумча курстарды жана факультативдерди уюштуруу ;

10. Илимий изилдөөлөрдүн ортосундагы байланышты чыңдоо, окутуунун инновациялык усулдарын киргизүү, алдыңкы технологияларды колдонуу үчүн илимий ишке кызыктыруу системаны уюштуруу;

11. Окуу жайынын жетекчили окуучулардын билимин баалоо боюнча семинарларды уюштуруу, мугалимдердин жоопкерчилигин жана чеберчилигин жогорулатуу максатында, алардын ишмердүүлүгүн чагылдырган дубал гезиттерин жана буклеттерди даярдап, жылына жок дегенде эки жолудан чыгарып туруу сунушталат.

12. Ал бир адистикке окутуу боюнча жыл сайын “Окуу планын” түзүүдө, “жумуш берүүчүлөрдүн” өкүлдөрүн катыштырууну колго алуу: “Окуу планынын” сапаты талкууланган чогулушта, алардын атынан айтылган сунуштарды чогулуштун Протоколуна жазууну, ошондой жол менен, билимдин сапатын жакшыртуу боюнча бирге иштегендикти далилдөөнү колго алуу зарыл.

13. “Окуу планын” ишке ашыруу багыты боюнча уюштурулган шарттарга жылына эки жолудан кем эмес мониторинг жүргүзүү, анын жыйынтыгын анализдөө жана кетирилип жаткан кемчиликтерди жоюу боюнча кошумча иш чараларды уюштурууну “жумуш берүүчүлөр” менен бирге жүргүзүү зарыл. Бул багыттагы аткарылган иштер далилдүү болушу үчүн, ал иш чаралардын аткарылышын протоколдоштуруу сунушталат.

14. Окуучуларды шыктандыруучу, алардын билимин жана кесиптик шык-жөндөмүн, инсандык сапаттарын өнүктүрүүгө таасир этүүчү кээ бир факторлор боюнча (сыйлоо,

материалдык–моралдык колдоо усулдары) жылына эки жолудан кем эмес атайын иш чараларды уюштуруу максатка ылайык.

15. Атайын сабактар боюнча мамлекеттик тилдеги окуу китебин, сабак берген мугалим жок дегенде 3 жылда бир жолу жаңылоосу, максатка ылайык.

16. Ал эми, электрондук китепкананы уюштуруу, учурдун талабы экендигин ар бир мугалим билүүсү жана турмушка ашырууга кол кабыш кылуусу зарыл.

**Эскертүү**: “Эл баасы” агенттиги Тиркемедеги маселелердин ишке ашырылышына, Сертификат берилген датадан 1 жыл өткөндө, жана андан кийинки мезгилде эки жылда бир жолу мониторинг жүргүзүп турары жана жагдайга жараша аккредитацияга өзгөртүү киргизиши мүмкүн экендиги эскертилет